Каракол айыл аймагынын жергиликтүү
кенешинин XXIX чакырылышынын
XIV сессиясынын 30.04.2026-жылдагы
№ 12 токтому

**“Эл сыймыгы” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруунун тартиби жөнүндө ЖОБО**

## I Жалпы түшүндүрмө

1.1 Бул ЖОБО Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2 “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары-айыл өкмөтү, айылдык кенеш, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, республикалык коомдук саясий уюмдар жана облустук, райондук мамлекеттик администрациялар, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.3 “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айыл өкмөтү кабыл алып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгып, тиешелүү документтерин топтоп,өзүнүн сунушу менен айыл аймактын жергиликтүү кенешине жөнөтөт.

1.4 “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисине талапкерлердин документтери айыл аймактын жергиликтүү Кенешинин сессиясында депутаттардын кароосуна коюлуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон тургундун талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат.

1.5 Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгиси бир жылда 10 адамга гана ыйгарылат.

## II Каракол айыл аймагынын “Эл сыймыгы ” жана “Кадырлуу Эмгек каарманы” төш белгисин ыйгаруу үчүн негизги талаптар:

2.1 Каракол айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, айыл аймактын ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга;

2.2 Каракол айыл аймагынын өсүп өнүгүшү үчүн, элдин жашоо-шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына;

2.3 Айыл аймакка инвестицияларды алып келип, чоң курулуштарды курган бизнес адамдарына, чет элдик адамдарга;